**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ИЧКИ ИШТЕР**
**МИНИСТРЛИГИ**

720011, Бишкек ш. Фрунзе көчөсү 469
Тел.:+996 (312) 26-60-66
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

**МИНИСТЕРСТВО**
**ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г.Бишкек, ул. Фрунзе 469
Тел.:+996 (312) 26-60-66
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

12.01.21 № 1/193
06.01.2021-жылдагы №04-09/29 чыгыш катына

**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына**

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан, 06.01.2021-жылдагы 04-09/29 чыгыш саны менен келип түшкөн катыңыздар каралып чыкты.

Катта көрсөтүлгөн факты боюнча териштирүүдө, 06.01.2021-жылы Ала-Бука районунун АШКнын төрагасы Т.Боромбаев, Ала-Бука райондук ИИБне кайрылып, 03.01.2021-жылы Ош областынын Өзгөн районунун Өзгөн шаарынын тургуну, Дж.Таабалдиев аттуу жаран өзүнүн «facebook» социалдык тармагындагы «Djoni Taabaldiev» баракчасында «БШК эшек такалап жатабы, же тезек терип жатабы? Ушундай мыйзам бузуучулукту карабай!! Мына бул таза подкуп болуп калат го!!!! Мына подкуп эле жыттанып турат го, улак берген киши Рыскул Ташбаев МРЭО НУРдун зам начальниги, Аксы, Ала Бука, Чаткал райондору боюнча, мына бийликтин жүзү» - деген, макала жазып, ага 0,53 секундалык видео тасмасын жүктөп, жарыя кылганы аныкталган жана андагы Ташбаев Рыскул аттуу жаран, Аксы, Ала-Бука, Чаткал райондор аралык «Унаа» мамлекеттик ишканасынын жетекчиси экендиги тастыкталган.

Аталган факты, 06.01.2021-жылы Ала-Бука райондук ИИБдин МЭЖне 02-028- 2021-000013 саны менен катталып, алдын ала текшерүүдө, Ала-Бука районунун Кара-Үңкүр айылынын тургуну К.Мирзобеков, 2021-жылдын 2-3-январы күндөрү, өзү жашаган айылында, уулдарына жергиликтүү элдин батасын алуу максатында уул-той берип, «Аламан улак» уюштурган. Ошону менен бирге, тойго жана той ээси тарабынан уюштурулган аламан улакка катышуу максатында, республикабыздын түштүк аймагынан, атап айтканда Баткен, Ош жана Жалал-Абад областгарынан, сыйлуу коноктор жана атактуу спортчулар да келип катышышкан. Аталган иш-чаранын жеңүүчүлөрүнө, той ээсинен эстеликке 5 «Жигули» үлгүсүндөгү автоунаа, 5 баш төө, 5 баш топоз, 10 баш торпок, 10 баш тай жана накталай акча каражаттары коюлган.

Той ээси К.Мирзобеков өз көрсөтмөсүндө, өткөргөн той жана аламан

улакты, Кыргыз Республикасынын Президентигине талапкер Садыр Жапаровду колдоо максатында эмес, уулдарына арнап уюштуруп, өткөргөнүн билдирген.

Ал эми, Р.Ташбаев өз түшүндүрмөсүндө, жогорудагыларга кошулуп, той ээси К.Мирзобеков айткандарын далилдеп, тойго жана аламан улакка конок катары барганын, ал жерде эч кандай талапкерге үгүттөө иштери жүргүзбөгөнүн, тартылган видео тасмада ал сүйлөбөгөнүн билдирген.

Териштирүү иштеринин жыйынтыгы менен, 07.01.2021-жылы, Ала-Бука райондук ИИБдин Тергөө кызматы тарабынан, көрсөтүлгөн фактыда бузуунун, жоруктун же кылмыштын курамы болбогонуна байланыштуу, чогултулган материал №НД-028-2021-000002 саны менен чыгышталып, текшерүү токтотулган.

Ал эми, текшерүү учурунда катта көрсөтүлгөн видео тасмада ким сүйлөп жатканын аныктоого мүмкүн болгон эмес.

№НД-028-2021-000002 саны менен чыгышталган материал 08.01.2021-жылы 6/23 чыгыш саны менен, кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү максатында, Ала-Бука райондук прокуратурасына жиберилгенин билдиребиз.

**Министрдин орун басары** **Э. Аширходжаев**

КР ИИМдин Тергөө кызматы
Атк. Чолпонбай уулу Н.
0312 26-61-74